КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Shaar.kenesh@gmail.com

shaar.kenesh@gmail.com

Талас шаардык кенешинин IX чакырылыштагы кезектеги XVII сессиясынын №123/17-9 ТОКТОМУ

29-август, 2026-жыл **Талас шаары**

Талас шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен пландан ашкан жана жылдык күтүлүүдөгү киреше бөлүгүнүн планын көбөйтүү жана мекеме уюмдардын сметаларына кошумча каражаттарды бөлүштүрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пункту, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 26.08.2026-жылдагы №01-19/3737 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кеңешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу маселелери боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен пландан ашкан жана жылдык күтүлүүдөгү киреше салыгынын планы 46 300,0 миң сомго көбөйтүлсүн жана турак-жайлардан алынуучу мүлк салыгынын планы 1300,0 миң сомго азайтылсын, калктуу конуштардагы жерлердин ижара салыктарынын планы 3000,0 миң сомго азайтылсын. Муниципалдык имараттар жана курулмалардын ижара салыгынын планы 3000,0 миң сомго көбөйтүлсүн жана жергиликтүү бюджеттин жалпы киреше булагынын планы 45000,0 миң сомго бекитилсин.

2. Жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен пландан ашкан жана күтүлүүдөгү 45000,0 миң сом акча каражаты төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн.

-Талас шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын 3111 беренесине “Тынчтык” конушундагы 75 орундуу бала бакчаны ондоп түзөө үчүн 8000,0 миң сом, Талас шаарындагы №15 “Ак Бешик” бала бакчасынын жылуулук системасын ондоп түзөө үчүн 2500,0 миң сом, “Талас шаардык автобекети” муниципалдык ишканасынын короосуна электробустар үчүн навес курууга 8750,7, миң сом, Талас шаардык №5 орто мектебине туалет куруу үчүн долбоорлоого 2215 беренесине 500,0 миң сом, №5 орто мектебинин

жана жанындагы №16 бала бакчанын алдына брусчатка төшөө үчүн 3111 беренесине 1500,0 миң сом, Талас шаарынын Тельман көчөсүнө саркынды суу киргизүүнү долбоорлоо үчүн 2215 беренесине 400,0 миң сом, Талас шаарынын Манас-Ж.Турсалиев (Пушкин) көчөлөрүнүн кесилишине видео камера орнотуу үчүн 3112 беренесине 100.0 миң сом, Талас шаардык күрөш жана футбол боюнча өспүрүм балдардын спорт мектептерине 2 даана "Желмаян" электромуравейин сатып алуу үчүн 3112 беренесине 320,0 миң сом, Аттракциондорду иштеткен жумушчулардын айлык акысы үчүн 2111 беренесине 852,9 сом, 2121 беренесине соцфонд төлөмдөрү үчүн 147,1 сом, 2215 ар кандай чыгымдар беренесине 6113,0 миң сом, электробустарды кубаттоочу станцияларды (трансформатор) орнотуу үчүн 3111 беренесине 5000,0 миң сом, таштанды таштоочу урналарды сатып алууга 3112 беренесине 231,3 сом; таштанды таштоочу жайга контейнер сатып алууга 3112 беренесине 300,0 миң сом, бардыгы 33945,0 сом;

-Талас шаардык дене тарбия жана спорт мектебинин 2215 ар кандай чыгымдар беренесине Көк бөрү боюнча турнир өткөрүү үчүн 300,0 миң сом;

- Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасына 2511 субсидия беренесине күйүүчү майлоочу майларын сатып алууга 1000,0 миң сом, кыш мезгилине карата инерттик материалдарды сатып алууга 1000,0 миң сом, Талас шаарындагы Сапат кыздар лицейинин жанындагы спорт аянтчасына туалет куруу үчүн 2511 беренесине 150,0 мин сом, Манас көчөсүндөгү көп кабаттуу (жатакана) үйдүн короосуна балдар ойноочу аянтча куруу үчүн 2511 беренесине 1200,0 миң сом;

- "Талас жашыл чарба" муниципалдык ишканасына 2511 субсидия беренесине күйүүчү майлоочу майларды сатып алууга 1000,0 миң сом;

- Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2111 айлык акы беренесине 810,8 сом, 2121 беренесине соцфонд төлөмдөрү үчүн 9,2 сом, мекеменин имаратын камсыздандыруу үчүн 2215 беренесине 310,0 миң сом, Талас шаарынын №8 орто мектебинин интернет байланышы үчүн 2212 беренесине 20,0 сом, Талас шаарынын №1 орто мектебинин фоесине заманбап "Форекс" стенддери менен жасалгалоого 2222 беренесине 200,0 миң сом, Талас шаарынын №2 мектебине түстүү принтер сатып алуу үчүн 3112 беренесине 30,0 миң сом;

-Талас шаардык балдар өспүрүмдөр спорт мектебинин бокс залынын жылытуу системасын жаныртууга 3111 беренесине 2000,0 миң сом, Газпром спорт комплексинин ремонт иштерине кошумча 300,0 миң сом, эмеректерди жана музыкалык аппаратура сатып алуу үчүн 3112 беренесине 460,0 миң сом;

- Талас шаардык кенешинин 3112 беренесине планшет сатып алууга кошумча 500,0 мин сом;

-Талас шаарынын мэриясынын 2215 беренесине Талас шаарынын Аксакалдар соту үчүн 150,0 мин сом, Талас шаарынын "Балапан" бала бакчасында тарбияланган аз камсыз жардамга муктаж болгон 8 үй бүлөнүн балдарына ваучердик негизде, 2215 беренесине 160,0 миң сом, 3111 беренесине Талас шаарынын А.Огонбаев-Ш.Шеркулов көчөлөрүн саркынды суу түтүктөрүнө кошуу үчүн 500,0 миң сом;

-"Семетей-Талас" футбол клубуна 2111 беренесине 157,8 сом, 2121 беренесине соцфонд төлөмдөрү үчүн 27,2 сом.

3. Талас каржы башкармалыгына (Иманкулов А.М) жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөрдү киргизип, өз убагында каржылоо милдеттендирилсин.
4. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу маселелери боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О) тапшырылсын.

Төрага **К.Джаныбеков**